**«Кайда жүрдүң»**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Кадыров Алтымыш Кадырович

Кырчын жаштык өтүп кеткен кезинде,
Махабатты салып менин эсиме.
Миң бир түнүм кайда жүрдүң адашып,
Өмүрүмө эрте келбей кечиге

Эмне мынча көп жыл жүрдүң жашынып,
Мен өзүңдү издеп жүрсөм ашыгып.
Кыялымда эңсеп жүргөн махабат,
Канча жылдар кайда жаттың басылып.

Эми сенден кумар канбай өтөмбү,
Бул жашоодон арман менен кетемби.
Же болбосо кол жетпеген жылдыздай,
Эңсеп жүргөн ак сүйүүгө жетемби